**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Рыскуль Бекбаевна Орозгоджаеванын кызыкчылыгын көздөгөн Аимниза Эсеновна Балкабекованын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2023-жылдын 22-ноябрындагы аныктамасына даттануусу боюнча

# ТОКТОМУ

2024-жылдын 9-февралы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, К.А Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы Д.Б. Алиевдин катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Орозгоджаева Рыскуль Бекбаевнанын кызыкчылыгын көздөгөн Аимниза Эсеновна Балкабекованын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2023-жылдын 22-ноябрындагы аныктамасына карата даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

Даттануда келтирилген жүйөлөрдү жана Р. Б. Орозгоджаеванын кызыкчылыгын көздөгөн А.Э. Балкабекованын өтүнүчүндөгү материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

2023-жылдын 30-октябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 1999-жылдын 30-июнундагы редакциясындагы № 62 Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (мындан ары – 1999-жылдагы КЖПК) 141-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1, 2-пункттарынын жана "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 4-бөлүгүнүн 2-бөлүгүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 56-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө Р. Б. Орозгоджаеванын кызыкчылыгын көздөгөн А.Э. Балкабекованын өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтөн жана ага тиркелген материалдардан белгилүү болгондой Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2021-жылдын 23-ноябрындагы өкүмү менен З.К. Джорупова жана башкалар 1997-жылдын 1-октябрындагы редакциясындагы № 68 Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 166-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктунда, 4-бөлүгүнүн 2,3 -пункттарында, 221-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган кылмыштарды жасагандыгына күнөөсүз деп табылган жана алардын аракеттеринде бул кылмыштардын курамынын жоктугунан улам акталган. Сот өкүмдүн баяндоочу-жүйөлөштүрүүчү бөлүгүндө, З. К. Джорупова менен Р. Б. Орозгоджаеванын ортосунда жарандык-укуктук мамилелердин бар экендигин аныктап, Р. Б. Орозгоджаева келтирилген зыяндын ордун толтуруу үчүн жарандык сот өндүрүшү тартибинде сотко кайрылууга укуктуу экендигин көрсөткөн, бирок өкүмдүн резолютивдик бөлүгүндө 1999-жылдагы КЖПКнын 141-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пунктунун негизинде

материалдык зыяндын ордун толтуруу жөнүндө жарандык доону канааттандыруудан баш тарткан.

Арыз ээсинин пикири боюнча, эгерде соттолуучунун кылмыш окуясы же Кылмыш-жаза кодексинде тыюу салынган жосуну аныкталбаса же болбосо анын же кылмыш жасоодо медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө маселе чечилген адамдын катышуусу далилденбесе, жарандык доону канааттандыруудан соттун баш тартуусун караган 1999-жылдагы КЖПКнын көрсөтүлгөн ченеми жарандык жана кылмыш-жаза-процессуалдык укуктун, тактап айтканда кылмыш менен келтирилген зыяндын ордун толтуруу институтунун негиздерин бузат.

Кайрылуу субъектиси белгилегендей, талашылып жаткан укуктук жөнгө салуу кабыл алынганга чейин, соттолуучу кылмыштын курамынын жоктугунан улам акталган учурда кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдар жарандык доону сот зыяндын өлчөмүн аныктай алган даражада канааттандырууну караган. Эгерде келтирилген зыяндын өлчөмүн аныктоо кыйынчылык жаратса, сот жарандык доону жарандык-укуктук тартипте кароо үчүн аны өзүнчө өндүрүшкө бөлүп кое алган. Бирок 1999-жылдагы КЖПК боюнча талашылып жаткан укуктук жөнгө салууга ылайык жабырлануучу Р. Б. Орозгоджаевага келтирилген зыяндын ордун толтуруудан соттун баш тартуусу жарандардын кылмыш тарабынан келтирилген зыяндын ордун толтурууга болгон конституциялык укугун бузган мыйзам чыгаруучунун одоно катасы болуп саналат, анткени доодон мындай баш тартуу бул маселени жарандык-укуктук тартипте кароого тоскоол жаратат.

Сот тарабынан актоо өкүмүн чыгарууда кылмыштан зыян тарткан жарандардын абалы жарандык доону кароосуз калтырууга соттун ыйгарым укуктарын караган 1999-жылдагы КЖПКнын 141-беренесинин 4-бөлүгүнүн 2-пунктунун ченемдери менен да татаалдашат. Бул ченемдик жобого ылайык сот соттолуучу жасаган жосундун мүнөзү жана өзүнүн абалы боюнча коом үчүн коркунуч келтирбеген жана мажбурлап дарылоого муктаж болбогон

адамга медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу үчүн негиздер жок деп акталган учурда гана доону кароосуз калтыра алат. Жабырлануучунун соттолуучуга карата мүлктүк мүнөздөгү доомaты болгон башка учурларда сотто жарандык доону кароосуз калтыруу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу жарандардын жарандык-укуктук тартипте кылмыш менен келтирилген зыянды андан ары өндүрүп алуу укугун бузат.

А. Э. Балкабекова 1999-жылдагы КЖПКнын 141-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1, 2-пункттарынын жоболору адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгарган же кемиткен мыйзамдарды кабыл алуудан кармануугa мамлекеттин кепилдигин белгилеген Конституциянын 56-беренесинин 2-бөлүгүнө жана Конституциянын мурунку бардык редакцияларынын тиешелүү беренелерине карама-каршы келет деп эсептеген.

Конституциялуулугу талашылып жаткан акт жокко чыгарылган же күчүн жоготкон учурда кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартууну караган «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 4-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүүгө карата А.Э. Балкабекова жокко чыгарылган же юридикалык күчүн жоготкон укук ченемдери, алардын убакыттык жана мейкиндикте колдонуу принцибине ылайык, сот адилеттигин жүргүзүүдө соттор тарабынан бардык жерде жана дайыма колдонулгандыгын жана колдонулаарын белгиледи. Конституцияга карама-каршы келген жокко чыгарылган же күчүн жоготкон ченемдик укуктук актылар колдонуудагыдай сыяктуу эле, жарандарга зыян келтирүү менен ушундай эле укуктук кесепеттерди жаратат, бул конституциялык контролдоо институту бар өлкө үчүн жол берилгис болуп саналат.

Э.А. Балкабекованын пикири боюнча, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 4-бөлүгү Конституциялык сотко кайрылган мезгилге карата ченемдик укуктук актынын жокко чыгарылышына жараша анын

конституциялуулугун иргеп текшерүүнү белгилөө менен, конституциялык контролдоо органынын арналышын бурмалайт жана сот адилеттигинин калыстык принцибин жана мамлекет тарабынан соттук коргонууга укуктун кепилденишин бузат (Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгү).

Жарандардын айрым категорияларынын (Р.Б. Орозгоджаеванын учурунда) конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин айкын бузган, соттор тарабынан колдонууда укуктук кесепеттерди жаратуучу ченемдик укуктук актыны же анын бөлүгүн жокко чыгаруу конституциялык контролдоо органы үчүн принципиалдуу мааниге ээ болбошу керек. Конституциялык контролдоо аркылуу гана жокко чыгарылган ченемдик укуктук актылардын аракети менен бузулган жарандардын укуктарын калыбына келтирүүгө мүмкүн болот. Башкача айтканда, мыйзам чыгаруучу мындай укуктук жөнгө салууну кабыл алуу менен жарандардын айрым категорияларын Конституциялык сотко кайрылуу укугунан ажыратып, аларды укуктары менен эркиндиктеринин бузууларга моюн сунууга мажбурлап, жокко чыгарылган жана күчүн жоготкон, соттор тарабынан дагы эле колдонулуп жаткан ченемдик укуктук актылардын конституциялуу эместигинен күмөн бойдон калтырууда.

Баяндалгандарды эске алуу менен кайрылуу субъекти конституциялык Мыйзамдын талашылып жаткан ченемин Конституциянын 56-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанууну өтүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2023-жылдын 22-ноябрындагы аныктамасы менен жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 5-пунктунун, 4-бөлүгүнүн талаптарынан улам А.Э. Балкабекованын кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган, анткени талашылып жаткан ченемдик укуктук актылардын бири күчүн жоготту деп табылган, ал эми экинчисинин конституциялуулугу мурда текшерилген жана өзүнүн күчүндөгү акты бар.

Судьялар коллегиясынын аталган аныктамасына макул болбостон А.Э.

Балкабекова 2024-жылдын 17-январында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылган.

Кайрылуу субъектиси өзүнүн даттануусунда, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 6-пунктуна ылайык, мурда Конституциялык соттун чечими болгон ченемдик укуктук актынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө өтүнүч менен жаңы жүйөлөр жана аргументтер берилген шартта кайра кайрылуу мүмкүндүгүнө жол берилет деп тастыктайт.

Арыз ээси өзүнүн кайрылуусунда баяндалган жүйөлөрдү кайталап келтирет жана юридикалык күчүн жоготкон ченемдик укуктук актылар соттор тарабынан бардык жерде колдонуудагы актылар менен бирдей колдонулуп жаткандыгына, ал эми мыйзам чыгаруучу тарабынан аларда кетирилген каталар адамдын укуктук абалын начарлатуучу юридикалык кесепеттерди алып келе берээрине басым жасайт.

Баяндалганды эске алуу менен А.Э. Балкабекова судьялар коллегиясынын даттанылып жаткан аныктамасын жокко чыгарууну жана анын кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алууну өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арыз ээсинин жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, төмөнкүдөй тыянактарга келди.

Кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу маселеси боюнча Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын аныктамасы процесстик мүнөзгө ээ, анткени судьялар коллегиясы кайрылуунун “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын талаптарына шайкештигин текшерүүнү жүзөгө ашырат. Бул талаптарды так сактоо конституциялык сот өндүрүшүн козгоонун, конституциялык текшерүүнүн предметин жана анын чектерин аныктоонун объективдүүлүгүнүн кепилдиги болуп саналат.

Ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугунун презумпциясынан улам алардын конституциялуулугу эместиги жөнүндө маселени коюу алардын конституциялуулугунда айкын күмөндүүлүктү жараткан, укуктук мүнөздөгү ынанымдуу жүйөлөр болгондо гана мүмкүн. Бирок арыз ээси тарабынан келтирилген жүйөлөр талашылып жаткан ченемдердин жалпысынан конституциялуулугунда күмөндүүлүктү жараткан орчундуу себептерди камтыбайт.

Негизинен, А.Э. Балкабекова өзүнүн өтүнүчүндө кылмыш ишинде жарандык доо институтуна кайрылат, ал кылмыштан жабыр тарткан адамдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого чакырылган. Кылмыш-жаза процессинде ал мүлктүк зыяндын ордун толтуруу жана (же) кылмыш менен келтирилген моралдык залалдын ордун толтуруу жөнүндө доолорду чечүү аркылуу ишке ашырылат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту белгилегендей жарандык доо институту кылмыш-жаза процессинде кылмыш-жаза укугу, жарандык укук жана процесс менен тыгыз байланышта турат. Жарандык процесстен айырмаланып кылмыш-жаза процессинде укук коргоонун доолук түрү бир катар өзгөчөлүктөргө ээ. Ал бузулган укукту коргоонун механизмин билдирет, кылмыштардан жабыр тарткандардын укуктарын конституциялык кепилдөө, алардын сот адилеттигине жетүүсү жана келтирилген зыяндын ордун толтуруу менен шартталган жеңилдетилген мүнөзгө ээ. Андыктан кылмыш-жаза процессинде жарандык доо арыз берүү жабырлануучунун өз укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо үчүн кошумча мүмкүнчүлүк болуп саналат. Кылмыш-жаза процессинде жарандык доону чечүүнүн артыкчылыктары процесстик үнөмдөө жана далилдерди изилдөөнүн толуктугу көз карашынан алганда ачык-айкын, алар эреже катары жазык ишинде толук камтылат. Мындай кароонун артыкчылыктарынын ичинен төмөнкүлөр айырмаланып турат: кылмыш иши боюнча жарандык доогер деп табылган адам соттук териштирүүлөргө эки жолу катышуу зарылдыгынан бошотулат; кылмыш менен жабырлануучуга келтирилген зыяндын ордун

кыйла тез толтуруу; эгерде доо боюнча чечимди жасалган кылмыштын бардык жагдайлары жөнүндө кыйла толук маалымдалган судья кабыл алса, доо боюнча далилдерди жетишээрлик ар тараптуу изилдөө үчүн жагымдуу шарттардын болушу; соттордун ишинде параллелизмди болтурбоо; бир соттук териштирүүнүн чегинде жабырлануучунун өз укуктарын максималдуу толук ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү, убакытты жана каражатты эки эсе коротууну, психологиялык кыжырдануунун факторлорун, кээде кылмыштын жагдайларын кайтадан иликтөөдөн улам жабыр тарткан тараптын азап тартуусун болтурбоо мүмкүнчүлүгү. Акыр-аягында моралдык зыяндын ордун толтуруу сыяктуу кылмыш-укуктук таасир этүүнүн мындай чарасы жасалган кылмыштын кесепеттерин жоюунун жолдорунун бири болуп саналат (Конституциялык соттун 2023-жылдын 25-январындагы Чечими).

Кылмыш-жаза ишинде жарандык доо институтунун орчундуу негизи болуп айыпталуучунун мыйзамсыз аракеттери менен келтирилген залалдын же зыяндын болушу саналат. Кылмыш менен келтирилген зыяндын жана ордун толтурууга (компенсациялоого) талапкер болгон адамдын ортосундагы түздөн-түз өз ара байланыш жеке адамга анын доо талаптарын жазык-процесстик тартипте кароо үчүн жарандык доогер катары чыгууга укук берет.

Өз кезегинде, зыянды же алынбаган пайданы өндүрүү жөнүндө доолор, жабырлануучу болуп саналбаган үчүнчү жактардын доолору жазык процессинде каралышы мүмкүн эмес. Жазык иши боюнча мындай доолор келип түшкөндө сот арыз ээсине жарандык сот өндүрүшү тартибинде сотко кайрылууга укугу бар экендигин түшүндүрүүгө милдеттүү. Тиешелүү түрдө, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн алкагында түздөн-түз сотто каралуучу, кылмыш менен келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө талап кылмыш-жаза иши боюнча жарандык доонун предмети болуп саналат.

А.Э. Балкабекова тарабынан талашылып жаткан 1999-жылдагы КЖПК боюнча жазык ишинде жарандык доону кароонун укуктук жөнгө салынышы анын 1999-жылдагы КЖПКда жана Кыргыз Республикасынын Жарандык

процесстик кодексинде (мындан ары – ЖПК) белгиленген эрежелер боюнча чечилишин караган (134-берене). Жарандык доону чечүүнүн аралаш материалдык-укуктук мүнөзү соттон далилдерди иликтөөнү жана адилет сот чечимдин чыгарылышын талаптагыдай камсыз кылуу үчүн системалуу байланышта тиешелүү укук ченемдерин талаптагыдай колдонууну талап кылган.

1999-жылдагы КЖПКнын 141-беренесине ылайык, сот жарандык доону кароонун жыйынтыгы боюнча төмөнкү чечимдердин бирин чыгармак: жарандык доону толук же жарым-жартылай канааттандыруу жөнүндө; жарандык доону канааттандыруу укугун жарандык доогерге карата таануу жана анын өлчөмдөрү жөнүндө маселени жарандык сот өндүрүшү тартибинде соттун кароосуна өткөрүп берүү жөнүндө; жарандык доону канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө; жарандык доону кароосуз калтыруу жөнүндө.

Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасын акыл эси соо эмес адамга карата колдонуу жөнүндө сот айыптоо өкүмүн же аныктамасын чыгарган учурда жарандык доо толук же жарым-жартылай канааттандырылууга жатат. Сот мындай чечимди кылмыш менен келтирилген зыяндын мүнөзү жана өлчөмү далилдегенде кабыл алат (141-берененин 1,2-бөлүктөрү).

Жарандык доогердин анын жарандык доосун канаттандырууга укугун таануу жана анын өлчөмү жөнүндө маселени жарандык сот өндүрүшүнүн тартибинде кароого өткөрүп берүү жөнүндө чечим доону канааттандыруу үчүн бардык негиздер белгиленген жана алар доонун негиздүүлүгү жөнүндө далилдесе гана кабыл алынышы мүмкүн, бирок анын өлчөмүн кылмыш-жазык ишин териштирүүнү кийинкиге калтырбастан аныктоо мүмкүн эмес (мисалы, мүлктүк зыяндын өлчөмүн тастыктоочу зарыл документтердин жоктугунан улам ж.б.) (141-берененин 3-бөлүгү).

Мында доону канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн негиз түзүүчү негиздер  сот отурумунда кылмыш менен келтирилген далилденген зыяндын жоктугунун жана соттолуучу же акыл-эси

соо эмес адам жасаган жосундун жана келтирилген зыяндын ортосундагы себептик байланыштын жоктугу болгон.

Жарандык доону канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө соттун чечими соттун жарандык-укуктук тартипте ушундай чечим чыгарууда келип чыккандай эле укуктук кесепеттерге ээ экендигин – ошол эле тараптардын ортосундагы, ошол эле предмет боюнча жана ошол эле негиздер боюнча сотко доо менен экинчи жолу кайрылууга мүмкүн эместигин белгилей кетүү керек (КЖПКнын 221-беренеси). Тиешелүү түрдө, кылмыш ишинин алкагында жарандык доону канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө соттун чечим кабыл алуусу кылмыш менен келтирилген зыяндын ордун толтурууну өндүрүү жөнүндө маселени сот тарабынан чечүүнү билдирет, аны жарандык-укуктук тартипте кайра кароо мүмкүн эмес.

Жарандык доону кароосуз калтыруу жөнүндө соттун чечими сот тарабынан актоочу өкүм же медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу боюнча ишти токтотуу жөнүндө токтом чыгарылганда кабыл алынган (141-берененин 4-бөлүгүнүн 2-пункту). Жарандык доону кароосуз калтыруу жөнүндө соттун чечиминин маанилүү укуктук кесепеттеринин бири жарандык доогердин (жазык ишинде жабырлануучунун) доосу боюнча жарандык-укуктук тартипте аны кайра баштоо мүмкүнчүлүгү болуп саналат.

Арыз ээсинин 1999-жылдагы КЖПКнын 141-беренесинин 4-бөлүгүнүн 2-пункту сот тарабынан акыл-эси соо эмес адамга карата актоо өкүмүн же медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу боюнча ишти токтотуу жөнүндө токтомун чыгарууда жарандык доону кароосуз калтыруунун жалгыз учурун карайт деген жүйөлөрү туура эмес.

Жарандык доону чечүүнүн кош укуктук мүнөзү жазык-процесстик жана жарандык-процесстик мыйзамдардын ченемдерин системалуу түрдө колдонууну карайт, анда болушунча аз чыгым менен ишти толук жана объективдүү кароо үчүн соттун кароосунун кеңири спектри камтылган.

Ушуга байланыштуу сот кылмыш-жаза ишинин алкагында жарандык доону төмөнкү учурларда кароосуз калтыра алат:

- жарандык доогердин же анын өкүлү сот жыйналышына келбесе; ал ЖПКнын 222-беренесинин негизинде арызын кайтарып берүү жөнүндө өтүнүч киргизсе;

- КЖПКнын 141-беренесинин 4-бөлүгүнүн 2-пунктунун күчүнөн улам соттолуучу өзү жасаган жосундун мүнөзү боюнча жана өзүнүн ал-абалы боюнча коом үчүн коркунуч келтирбеген жана мажбурлап дарылоого муктаж болбогон адамга карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу үчүн негиз болбогондуктан акталса.

Белгилей кетсек, жарандык доону анын укуктук кесепеттерин эске албастан кароосуз калтыруу жөнүндө соттун чечими жарандык доогерге (жабырлануучуга) жазыктык укук бузуу менен келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө маселени чечүү үчүн өзүнчө жарандык-укуктук тартипте кайрадан кайрылууга мүмкүндүк берет (1999-жылдагы КЖПКнын 135-беренесинин 3-бөлүгү, ЖПКнын 223-беренесинин 2-бөлүгү).

Актоо өкүмүн чыгарууда жарандык доону канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө соттун чечими боюнча (Р.Б.Орозгоджаеванын иши боюнча) сот иштин жагдайларына жана өкүмдүн маңызына жараша КЖПКнын 141-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пунктун гана эмес, ошондой эле 1999-жылдагы КЖПКнын ошол эле беренесинин 4-бөлүгүнүн 2-пунктунун күчүнөн улам доону кароосуз калтыруу жөнүндө чечим кабыл алууга укугу болгон, мында талаш-тартышты жарандык-укуктук тартипте чечүү перспективасын калтырган.

Соттор тарабынан талашылып жаткан ченемдердин ушул Токтомдо көрсөтүлгөн мааниден башкача мааниде колдонулушу укуктук жөнгө салуу көйгөйүнүн бар экендигин жана ишти конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароонун зарылдыгын билдирбейт.

Конституциялык сот, кылмыш-жаза ишинде жарандык доо институту жаңыланган жазык-процессуалдык мыйзамдар менен өзгөртүлгөндүгүнө карабастан (2017-жылдын 2-февралындагы № 20, 2021-жылдын 28-

октябрындагы № 129 редакциялардагы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси), жабырлануучунун айыпкерден же соттолгондон кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн алкагында же өзүнчө жарандык-укуктук тартипте келтирилген мүлктүк зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтурууну талап кылууга укугу өзгөрүүсүз калган. Бул жагдай Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган ар бир адамдын соттук коргоого болгон укугун, ошондой эле Баш Мыйзамдын 52-беренесинин 2-бөлүгүндө белгиленген адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгарган же кемитүүчү мыйзамдарды кабыл албоого мамлекет кепилдеген укукту бузбайт.

Арыз ээсинин “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 6-пункту мурда конституциялык көзөмөл органынын кароосунун предмети болгон актынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө талап менен кайра кайрылууга мүмкүндүк берет деген жүйөсү боюнча, Конституциялык сот анык эмес деп эсептейт. Арыз ээси келтирген ченем, кайрылуу субъектиси анын баштапкы кайрылуусу боюнча чыгарылган судьялар коллегиясынын аныктамасына даттанбастан, Конституциялык сотко анын баштапкы кайрылуусунда болгон ошол эле аргументтерди жана жүйөлөрдү келтирүү менен ошол эле талаптар менен кайрадан кайрылган учурга карата колдонулат. Бул ченемдин мазмуну ал жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин ченемдеринин түзүмдүк жайгашуусу боюнча кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу үчүн негиздердин катарында тургандыгы жөнүндө так түшүнүк берет.

Арыз ээсинин күчүн жоготкон актыларга конституциялык текшерүү жүргүзүү мүмкүн эместигинен улам “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 4-бөлүгүнүн Конституцияга ылайык келбегендиги жөнүндө жүйөлөрү да негизсиз, анткени жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын 44-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык

Конституциялык сот өзүнүн кароосу боюнча өзгөчө учурларда, анын ичинде күчүн жоготкон ченемдик укуктук актыларды, эгерде ал актылар жеке жана юридикалык жактардын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин олуттуу түрдө бузуп, алардын укуктарын калыбына келтирүү Конституциянын көз карашынан алганда фундаменталдуу мүнөзгө ээ болсо, карайт.

Баяндалгандарды эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту судьялар коллегиясынын каралып жаткан аныктамасын жокко чыгаруу үчүн негиз тапкан жок жана А.Э. Балкабекованын кайрылуусу өндүрүшкө кабыл алынууга жатпайт деп эсептейт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38,48,49 жана 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Рыскуль Бекбаевна Орозгоджаеванын кызыкчылыгын көздөгөн Аимниза Эсеновна Балкабекованын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2023-жылдын 22-ноябрындагы аныктамасына даттануусу канааттандырылсыз калтырылсын.

2. Бул токтом акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**